*УДК:821.512.154*
*DOI: 10.35254/bhu.2020.51.16*

***Умарова Р.М.**, ф.и.к.,доц. м. а. БМУ*

# МОЛДО КЫЛЫЧТЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА ТАБИЯТ ТЕМАСЫНЫН ОРУН АЛЫШЫ

# МЕСТО ТЕМЫ ПРИРОДЫ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ МОЛДОКЫЛЫЧА

# PLACE OF NATURE IDEA IN WORKS BY MOLDOKYLYCH

***Аннотация:** Бул илимий макалада жазгыч акын Молдо Кылычтын табият темасында сүрөттөлгөн чыгармалары тууралуу сөз болот. Акындын "Жинди суу" аттуу чыгармасындагы суу темасынын кыргыздын башка акын-жазуучуларынан айырмаланган ой жүгүртүүлөрү, айрым бир окшош жактары, чыгарманын жазылыш себептери талдоого алынды. "Чүй баяны", "Керме -Тоо" аттуу чыгармаларында өсүмдүктөр дүйнөсү менен канаттуулар дүйнөсүн бир нече түрлөрүнүн орун алышы, сыпатталышы иликтенген, акындын табиятка жакын болгондугу, жаратылышты сүйүүсү,алардын көп түрдүүлүгүн ачып бере алгандыгына баа берилген.*

*Молдо Кылычтын географиялык жер-суу аталыштарын гана эмес, алардын жайгашуу ордун, чектерине чейин мыкты билгендиги көрсөтүлөт. Жандуулардан курт-кумурскадан баштап канаттуулардын өтө көп түрлөрүн, 105тен ашуун өсүмдүк менен дары чөптөрдүн, жер-жемиштин түрлөрүнүн аталыштары берилгендиги, алардын элес – образдарынын берлиштери талдоого алынды .*

***Түйүндүү сөздөр:** тема, сүрөттөө, табият, элес, образ, ой жүгүртүү, география, чыгарма, акын.*

***Аннотация:** В этой статье будет идти речь об изображении природы в произведениях акына –письменника Молдо Кылыча. Размышления поэта, отличавшаяся от других поэтов–писателей, некоторые сходные моменты и причины написания водной темы в произведении поэта «Бешеная вода» были взяты на анализ. В произведениях «Повесть о Чу», «Керме Тоо» были разобраны несколько видов отражения и художественного описания растительного мира вместе с миром пернатых, была дана оценка близости поэта к природе, любовь его к ней, мастерство раскрытия разнообразия их.*

*Показывается отличное знание Молдо Кылычем не только географических названий местностей и рек, но и место нахождения их вплоть до границ распространения. Были изучены и разобраны названия множества видов пернатых, начиная с насекомых, более 105 растений и лекарственных трав, овощей и фруктов и описание их внешних видов.*

***Ключевые слова**: тема, описание, природа, представление, образ, мышление, география, произведение, поэт.*

***Summary:** This article will refer to representation of nature in works of the poet-writer MoldoKylych. Thinking of poet, differing from other poet-writers, some common moments and reasons of writing of water theme in the work of the poet "Furious water" were taken for analysis. There were considered some types of reflection and artistic description of the plant life together with the birds' world in such works as "Chu Tale", "Kerme Too", there was esteemed closeness of the poet to the nature, love of nature, skills of its variety revelation.*

*There was shown an excellent knowledge of not only geographic names of places and rivers by MoldoKylych but also their location up to the places of distribution limits. There were studied and analyzed names of many kinds of birds, insects, more than 105 plants and herbs, vegetables and fruits and description of their appearance.*

***Keywords**: idea, description, representation, image, thinking, geography, work, poet.*

Молдо Кылычтын "Керме-Тоо", "Жинди суу" деген чыгармаларында "Чүй-баяны", "Зар заман" ж.б. чыгармаларындай саясий-социалдык маселелер курч камтылган эмес. Бул чыгармаларда кыргыз жеринин табиятын, жаратылыш байлыктарын алардын көп түрдүүлүгүн ырга салган.

Молдо Кылыч да ырчылар поэзиясынын башка өкүлдөрү сыяктуу суу темасына кайрылып чыгарма жазган. Токтогул, Барпы, Жеңижок, Калык сыяктуу улуу ырчылар суунун керемет күчүн, ыйыктыгын, касиетин, жандуу менен жансыздын тагдырын бирибирине айкалыштырып байланыштырган ары табышмактуу, ары татаал өзгөчөлүгүн поэзиянын тили менен чечмелөөгө аракеттенгендигин көрүүгө болот. Ал эми Молдо Кылычтын суу темасына кайрылышынын өзү анын кереметине суктангандыгынан жазылган эмес, Кочкордон жолоочулап келе жатып агып кете жаздаган учуру, суунун сүрдүү көрүнүшү, эч нерсеге ээ-жаа бербеген күркүрөгөнү күндүк жерге угулган таасири себеп болгондугун акын өзү айтып өтөт:

Жолоочулап Кочкордон,
Чубуруп келип Күңгөйдөн,
Агып кете жаздадым
Жинди суудан сермелеп.

Суунун күндүн ысык жай мезгилинде тоолордогу кар, мөңгүлөр эрип, жаан-чачындан улам суунун көлөмү көбөйөт, ошондо акын анын "ак-караны тергебей", кары-жашка карабай, адамда өчү бардай агызган күчүн, тилсиз жоо сыяктуу" адам өмүрүнө коркунучтуу жагын сүрөттөйт:

Чалмаланып, сурданып,
Ылайланган кирдүү суу,
Тоо жаңыртып таш агып,
Күлдүрөгөн сүрдүү суу,
Таштан-ташка соккулап,
Агызууда белгиси.
Алачыктай төөдөй таш,
Асты-үстү жандоосу (68-бет)

Чыгарманын аяккы сабында эле:

Кирбегенде жинди суу,
Ширин-шекер балдайсың.
Кирбегенде жопжоош,
Миниш берген малдайсың, - деп жазган.

Бул саптарда акындын элестүү салыштырууларынан, баяндоолорунан суунун пайда гана алып келген көрүнүшү окурмандын көз алдына элестейт. Молдо Кылыч суунун айлана-тегерегинде өскөн өсүмдүктөр дүйнөсүн, жан-жаныбарларынын көп түрдүүлүгүн, табияттын кооздугун ачып берүүгө да басым жасайт.

Молдо Кылычтын чыгармаларында табият темасы өзгөчө орунда тургандыгы белгилүү. Мындай чыгармаларга "Жинди суу", "Керме-Тоо", "Чүй баяны", "Канаттуу", "Бүркүттүн тою", "Буудайык" ж.б.чыгармалары кирет.

Сүрөттөлүшү жагынан "Чүй баянына" окшош жаралган чыгармасы "Керме-Тоо". Бул ырдын башталышында:

Кең Кочкордон аттанып,
Жолоочулап жүргөмүн.
Көрбөгөнүм көргөндө
Аң-таң болуп калгамын.
Уккан менен көргөнүм
Баян кылып жазамын.

деп жазат. Керме-Тоону Молдо Кылычтын түпкү аталары Темир Болот жердеген жер экендигин айтып келип, ал тоону жердин "сарасы" экендиги жөнүндө маалымдайт. Акындын бул саптарынан мындай укмуштуудай кооздуктарды көргөндө суктанбай, жазбай тура албаган, төкмөлүк жагы да бар, эстетикалык кабылдоолору күчтүү касиети дароо эле көзгө урунат. Булактардын туш-туштан шылдырап аккан агымынын ылдамдыгын сүрөттөөдө жана элесин чагылдырууда "туйлап аккан", "тунуктугу күмүштөй" деген сыяктуу орундуу,таамай сыпаттоолорду колдонот. Андан кийин тоонун бийиктигин, жан-жаныбар, канаттуулар, курт-кумурска мекендеген катарлашкан кырка тоолорду сүрөттөйт. Ошону менен тоонун жайгашуусун чектерин баяндап, анын туш тарабын жердеген кыргыздар, ойрот, нойгут, калмактар жердегендиги жөнүндө жазган. Жан жаныбарлардан: аркар, кулжа, бугу, эчки, теке, элик, кулан, жейрен, бөкөн, чөө, аюу, түлкү, кашкулак, мадыл, илбирс, бөрүлөр, суусар, сүлөөсүн, доңуз, жылан, бака, таш бака, курт-кумурскага чейин ырга салат.

Ал эми канаттуулардан болсо суу бүркүт, куу, ылаачын, ак шумкар, булбул, турумтай, чүйлү, кыргый, жагалмай, торгой, кекилик, чил, өрдөк, чүрөк бостек, күйкө, тынар, кулаалы, кажыр, таз кара, көк жору, каркыра, турна, тоодак, карчыга, сары барпы сыяктуу куштардын алгырлыгы, чоңдугу, үнүнүн күчтүүлүгү, канаттарынын талыбастыгын, мүнөзүнүн, өзгөчөлөнгөн касиеттерин кошо камтып сүрөттөйт.

Тоо токойдогу өсүмдүктөр дүйнөсүн, жер-жемиштерден бак-дарактардын жемишининин молдугун да баяндайт. Күнгө жалбырактары чагылышып ыргалып турган теректерден баштап таруу мисте, жаңгагы, карагай тал, балы, уу коргошун, мамыр, шыраалжынын, ак кодол, гүлдөрү жөнүндө сөз кылат. Жаныбарлардан аюу, каман, илбирс, айры куйрук, кара боор, чулдурук, карлыгач, чабалакей, үкү, бөдөнө, кара кур, улар, түлкү, ителги, марал, бугу, коен, кой, эчки, бука, кундуз, чабак жөнүндө баяндалат.

Ал эми кен байлыктардан: алмаз, темир, ташкөмүр, алтын, күмүш, асыл таш, коргошун, жез, мис, күкүрт, туз, коло ж.б.

Жер бетинин кооздугун, гүлдөрүнүн түркүн ажайып көрүнүшүн жандуу менен жансыз жаратылыштын айкалышкан жашоо образын жөнөкөй тил менен куюлуштура жеткиликтүү сыпаттай алган. Чыгарманы аяктап жатып "жазып өттүм далай сөз, жанга пайда бергендей" деп жугуму кымындай болсо да ыйманымды тилеймин" деп жазган. Жагып жаткан оту жок эле ысык суулардын агып жатканы айтылат.

Жалпылап айтканда, Керме-Тоонун табигат берген байлыгынын молдугун ачып берген. Окурманга жакшы, бейпил жашоодо жашаган кыргыз элинин турмушу көз алдына элестейт. Башка чыгармаларындагыдай жокчулук, кыргыз турмушундагы тарыхый өзгөрүүлөр, орустар жөнүндө маалыматтар жок .

Географиялык жер-суу аталыштарынан Кетмен-Төбө, Кең Талас, Чүй, Ат-Башы, Нарын, Жумгал, Кочкор, Ысык-Көл, Суусамыр, Сары-Көл, Фергана, Үрүмчү, Сыр Дарыя, Иле, Чуу суулары жөнүндө баяндалат. Алардын географиялык жактан жайгашуусу, чектешкен жерлерин ачык, так сүрөттөйт.

Ар бир инсандын бул дүйнөдөгү байлыгы артында калар коргону, ыйманы жасалган иштери экендигин ишеним менен белгилейт. Киши кайтыш болгондон кийин чалдыбардай болгон коргон менен күмбөздүн кереги жок деп ачык айткан.

Молдо Кылычтын “Керме-Тоо” деген чыгармасына сүрөттөлүшү жагынан окшош жазылган чыгармаларынын бири - “Чүй баяны”. Акын “Чүй баянын” башында эле Токмок калаасына орустардын көчүп келип, жерге ээлик кылып табиятын бүлдүрүп, карагайдарды каалганча араалап кесип, орустардын кыргыздарды малай кылгандыгы жөнүндө:

Ушул Токмок калааны
Келип капыр үй кылды.
Жылгын башы далааны,
Каршы-терши көп салды,
Карагайга арааны.
Ойду-тоону курутту,
Орус деген журт экен,
Кыйын экен жоругу
Малай кылды кыргызды,- деп баяндайт.

Орустардын болуш коюп, бий шайлап, күнөөкөрдү жазалагандыгы, жылкы салчу жерлерге эми калаа орногонун, базарына ар уруудан эл келип калктын саны көбөйгөнүн айткан. Базардагы соода-сатыкка коюлган тамак-аштан: манты, өрүк, мейиз, канттан: бозо, арагы, чайына чейин, кийим-кечек, бодо мал, жылкы, ат жабдыгы, курал жарактан: барденке, кылыч, мылтык, жер-жемиштерден жана азыктардан: картошка, шалгам, алча, алма, өрүк, шабдалы, жийде, тыт, алмурут, мисте, бадам, жаңгак, сабиз, пияз, түрп, күрүч, жүзүм, анар, карагат, бүлдүркөн, кожогат, чие ж.б. адам жанынан башкасы баары бар деп ырга салгандыгы көрүнүп турат. Өсүмдүк жана жер жемиштерден: зыгыр, күнжүт, конок, ашкабак, бадыраң, данкуурай, мандалак, ышкын, сарымсак, балжуурак, козу кулак, кымыздык, карагай, арча, табылгы, карандис, катыраң, долоно, кайың, четин, кара куурай, сүтүнөн, камыш, гүлкайыр, жекен, терек, байчечекей, уу коргошун, ак кодол, боз карагай, жылгын, алтыгана, итмурун, коентомук, көк жаңгак, кара шилби, чычырканак, сөгөт, ак чечекей, сагыз куурай, чекенде, ак куурай, кендир, камгак, топчу куурай, ак тикен, уйгак, ала бата, шыроолжын, кара бүргөн, төө куйрук, каакым, төө таман, улар бияз, жер чай (дары) тегерек баш, сары куурай, чачыраткы, ак куурай, адырашман, ыкшар, аткулак, чалкан, кызыл куурай, чогойно, коко тикен, чырмоок, аюу балтыркан, топчу баш, сары шилүүр, көк шилүүр, кызыл мыя, жалбыз, жылтыркан, шыбак, чий, беде, кара кыяк, чытыр, теңге чөп, улар от, сасык тана, согон, чекилдек, буурчак, кызгалдак, кемпир чач, меңдубана, жанызак, эрмен, карга тырмак, терсек, зире, маш, арпа, кызыл конок, тамеки, сулу, апийим, капуста.

Жандууларды курт-кумурскадан баштап канаттуулардын бир нече түрүнө чейин баяндайт. Сарыкотон, чымын, чиркей, бөгөн, бүргө, жөргөмүш, бака, ийнелик, көгөн, кундуз, кызыл карсак, түлкү, карышкыр, аюу, каман, илбирс, чөө, тай сүлөөсүн, суусар, ачкүсөн, бөкөн, кашкулак, мадыл, суур, элик, бугу, марал, кийик, эчки, теке, аркар, кулжа, коен, балык, сары жылан, кара курт, курт-кумурска, чаян, музоо баш, кескелдирик, чегиртке, кирпи, арс чычкан, коңуз, сөөлжан, сүлүк, ташбака, суу жыланга чейин атап келип

Кирпичечен өзү бар,
Шибегедей шиши бар.
Качырганда карасаң,
Иттикиндей тиши бар.
Чегирткеси сакадай
Көпөлөктүн чоңдугу
Көйнөгүнө салдырган
Кадимки ала жакадай, - деп баяндалат.

Чүй баянында куш канаттуулардан: каркыра, тоодак, турна, өрдөк, сонор, боз тек, каракунас, ак чардак, чулдук, көк кытан, улар, кекилик, айры куйрук, кулалы, каракур, чил, көгүчкөн, бөдөнө, безбелдек, кашкалдак, көк карга, күкүк, бабыргон, үкү, каа бүркүт, ала карга, кузгун, сагызган, тозкара, алагүү, сүт ак, тоодак, бактек, илбегин, тунжур, кумпай, күйкө, туйгун, тынар, турумтай, мыкыйы, ителги, ылаачын, жагалмайы, кыргыйы, чүйму, шумкар, кара көз, аңыр, кажыр, суу бүркүт, чакылдак, чымчык, кара боор, кыл куйрук, куркулдай, чабалекей, булбул, чакчыгай, торгой, жарганат, боз таркылдак, таранчы, жарканат, ала борбаш, көкшалкы, сарайгыр, сары барпы, кызыл куйрук, ала чыйырчык, көк жылкычы ж.б. айтып келип Чүйдүн кышкы климатын үч-төрт ай болгон кышын жана Чүйдүн талалары менен туташкан жер аталыштарын атоо менен чыгарманы аяктайт.

Демек, Молдо Кылыч “Чүй баяны” аттуу чыгармасында Чүйдүн кооз жаратылышына өсүмдүктөрүнө, жан-жаныбарларына , агып жаткан суусунан, жер астында катылып жаткан кен байлыктарына чейин маани берип, аларды ырга салган. Өсүмдүктөр дүйнөсүнөн 105 тен ашык өсүмдүктүн, гүлдүн, дары чөптүн, тамак-аш катары колдонулуучу жер жемиштин аталышы берилгендигин белгилөөгө болот.. Аларды акын жөн гана атап өтпөстөн, алардын өзгөчө касиети же белгилерин кошо камтууга аракеттенген. Ошол 105 өсүмдүктөрдүн отуздайы турмуш-тиричиликте азык-зат, дары чөп катары кеңири колдонулгандыгын айтууга болот. 70 тен ашык бизге кеңири маалым болбогон өсүмдүктөр жана дары чөптөр баяндалгандыгынын өзү эле акындын дүйнө таанымынын тереңдигин, алар жөнүндөгү маалыматынын молдугун айгинелейт. Бул жөнүндө Т.Саманчиндин мындай деп жазганы бар: “Чүй баянынан Молдо Кылыч турмушту жеткире билген кылдат акын экендиги көрүнөт. Мында нечен түрлүү өсүмдүктөрдүн, жер-жемиштердин, курт-кумурскалардын аты аталып, алардын ар биринин тиричилиги, адамга пайдалуу жактары да өтө кылдат көрсөтүлгөн. (Казалдар, 225-б.).

Ал эми канаттуулардын эле 80 ге жакын түрүнүн аты аталат. Т.Саманчин жазгандай, “Чүй баянында түрлүү өсүмдүктөр, же курт-кумурскалардын аттары уйкалышып гана саналып жүрүп отурбайт. Ар бир өсүмдүк же жаныбарлар акындык элес-образдар менен айтылып алардын адам үчүн пайдалуу жактары да көрсөтүлөт.

***Адабияттар***


*1. Асаналиев К. Башат. К-те: Казалдар. –Б., 1990.3-26 б.*
*2. Кыргыздар. /Түз. Жусупов К. 6-т.*
*3. Кыргыз адабиятынын антологиясы 3-т . /Түз. Мусаева В. -Б.,2012.-528 б.*
*4. Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары .-Б., 2004.*


***Рецензент: к.ф.н., доц. Б.М. Акматов***